# КЫРГЫЗ БАЛДАР ФОЛЬКЛОРУНУН КЛАССИФИКАЦИЯСЫ. БАЛДАР ЫРЛАРЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ПОЭТИКАСЫ

**Гүлбара ОРОЗОВА**
Кыргыз улуттук университети

Балдар фольклору элдик оозеки чыгармачылыктын өсүү жолун, генетикасын изилдөөдө бирден бир маанилүү булактардан болуп эсептелет. Ар бир фольклордук чыгарма өзүнүн пайда болуу жана өсүү жолунда ошол элдин улуттук көз карашын, географиялык аймагын, жашоо шартын, салт—санаасын, маданиятын чагылдырат. Кандай гана жанр болбосун көлөмүнө, чагылдыруу, баяндоо процессинин өзгөчөлүгүнө карабастан, өзүнчө бир бүтүн ойго, философиялык жыйынтыкка ээ. Фольклордогу бай образдар, тема, мотивдер, формалар жогорку көркөмдүккө өздөштүрүлүп, жеке жана коллективдүү чыгармачылыктын татаал диалектикалык биримдигинде пайда болору анык.

Көптөгөн изилдөөлөрдө балдар фольклорунун бардык жанрлары, түрлөрү изилдөө объектисине алынып, элдик оозеки чыгармачылыктагы орду, тарбиялык мааниси, аткарган кызматы белгиленип жүрөт. Балдар фольклору үйдө, бала бакчада, мектепте этнопедагогикалык, этнопсихологиялык тарбия берүүнүн негизги каражаттарынын бири болуп кызмат кылат. Балдар фольклорунун табигый өсүү генезиси аркылуу балдардын көркөм ой жүгүртүүсүнүн өсүшүн байкоого болот. Балдарга арналган чыгармалар адам, анын жашоо тиричилиги, жаратылыш, коом, эмгек, кулк—мүнөз ж.б. жөнүндөгү түшүнүктөрүн өстүрүп, тарбиянын бардык элементтерин үйрөтөт.

Балдар фольклору дүйнө элдеринин адабиятында да фольклордун бир бөлүгү болгон илимий проблема катары изилденип келе жатат. Ошентип кайсы эл болбосун өзүнүн фольклористика илиминде балдар чыгармачылыгына өзгөчө көңүл бөлүп, аткарган функциясы боюнча изилдөөнүн жалпы методологиялык принцибине таянып изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Ар бир улуттун балдар фольклорунда жанр, термин маселелери да илимий жактан эбак такталып калыптанган. Кыргыз балдар фольклорун изилдөөнүн жеке эле тарыхый фольклордун планда эмес, профессионалдык балдар адабиятынын теориясын, тарыхын, сын проблемасын ар тараптуу изилдөөдө да терең мааниге ээ. Анын үстүнө бүгүнкү күндө мурдатан калыптанган мектеп системасын, окутуунун методикалык программасын өзгөртүп, балдардын жеке чыгармачылыгына, интеллектуалдык ой жүгүртүүсүнө, көңүл бурууга мезгил жетти. Элдик педагогиканын принциптерин, улуттун салттык мурасын, фольклорун терең үйрөнбөй туруп, максатка жетүүгө болбойт.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Балдар фольклорунун чегин ажыратып, көлөмүн аныктап, эстетикалык маани–маңызын түшүнүү үчүн балдар фольклорунун негизги булагы болгон традициялуу фольклордук чыгармаларды көз алдыга келтирип, чыгармаларды баамга алуу зарыл. Бул экөөндө кезиккен сюжеттерди, мотивдерди, образдарды салыштырып караганда гана балдар фольклорундагы жанрлардын сюжеттик–тематикалык составынын калыптанышын көрүүгө болот.

Балдар чыгармаларынын репертуары өтө бай, көп түрдүү. Балдар фольклорун традициялуу фольклордон ажыратып кароо кыйын. Ар бир жанрдын балдардын табиятына, маданиятына жараша өзгөртүүгө дуушар болгонун көрөбүз. Балдар чыгармаларынын ар бири (кайсы гана жанр болбосун) баланын катышуусу менен же түздөн–түз балдар аркылуу аткарылат. Маселен, табышмакты балдардын аудиториясында айтып, жообун таптыруу керек же болбосо балдар эки топко бөлүнүп алып, табышмак айтып, мелдешип ойношот.

Чоңдордун чыгармалары балдар тарабынан кайра айтылып, кээ бир жанрлар чыгармачылык менен кайра иштелип балдардын репертуары–на өтүп б.а. көркөм поэтикалык булактар чоңдордун чөйрөсүнөн бал–дардын чөйрөсүнө көчүп "балдар фольклору" деген түшүнүктүн, тер–миндин, илимий проблеманын пайда болушун шарттаган. Бул көп убакытты, татаал диалектикалык (переосмыслениени) талап кылган процесс болуп эсептелет. Мисалы, эпостордо кезиккен сыйкырдуу бойго бүтүү, баласыз атанын балалуу болушу, үйлөнүү туурасындагы сюжет, мотив балдар жомокторунан орун алган. Мындан жанрдык дифференциация, чоңдордун фольклорунун балдар тарабынан асси–миляцияланышы проблемасы балдар фольклорунун өзүнө гана таандык законченемдүүлүк. Ошонун негизинде балдар фольклорунун тарыхый <u>генетикалык</u>, <u>жаш өзгөчөлүк</u> жана <u>аткарган кызматы</u> боюнча негизги критерийлер аныкталат.

Демек, балдар фольклорунун жаралышына балдардын түздөн–түз тиешеси бар.

Кыргыз балдар фольклору боюнча атайын изилденген комплекстүү иши жок болгондуктан классификациялоо ишинде да такталган принцип жок экени байкалат. Анткени М. Түлөгабылов (**Түлөгабылов, 1991**) менен М. Сулаймановдун (**Сулайманов, 1992**) аты окшош "Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы" деген эмгектеринде негизинен совет мезгилинде өсүп–өнүгүп калыптанган балдар адабиятынын тарыхы, өсүү этаптары изилдөөнүн негизин түзүп, анын башатында балдардын оозеки чыгармачылыгы тургандыгы баамга алынган. Бул эки изилдөөчү тең балдар фольклорун тематикалык жактан бөлүштүрүш–көн. Генетикалык, жаш өзгөчөлүк жана аткарган кызматы (функ–ционалдык) сыяктуу принциптер эске алынбаган. Ошондой болсо да кыргыз балдар фольклорун классификациялоодогу өз алдынча жасал–ган мындай аракеттер, балдар чыгармачылыгын атайын изилдөө проблемасына айландыруу үчүн жасалган кадамдар кыргыз фольк–лористика илимине кошулган чоң салым болуп эсептелет. Көптөгөн принципиалдуу жаңылыктардан улам классификациялоонун <u>тарыхый–генетикалык</u>, <u>жаш өзгөчөлүк</u> жана <u>аткарган кызматы</u> боюнча бөлүш–

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

түрүү жана изилдөө принциби максатка ылайыктуу. Бул балдар чыгармачылыгынын өзүнө тиешелүү жекече өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу чечиле турган маселе. Балдар фольклору традициялуу фольклордун составында болуу менен бирге жалаң эле чоңдордун акыл–эси тарбиясы, окуусу менен жаралбастан, балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша өзүнүн тили, түзүлүшү, аткарган функциясы, салттык касиет сапаты, жашоо чындыгы бар. Тактап айтканда балдар фольклорунун жаралышына балдардын өздөрүнүн да түздөн–түз жана кыйыр түрдө эмгеги бар. Ал туурасында изилдөөнүн жүрүшүндө кенен сөз болот.

## Кыргыз балдар фольклорунун жанрдык составынын классификациясы

I. Жаш балдарга арналган поэтикалык чыгармалар.

II. Чоңдор тарабынан жаралып, балдардын чыгармасына айланган чыгармалар.

III. Балдар оюндары.

**Бул үч чоң топтун биринчи тобуна**:

I. Балдар ырлары кирет. Балдар ырларын жаш өзгөчөлүгүнө, аткарган кызматына, маанисине карай экиге бөлүүгө болот.

**а) Майда жаштагы бөбөктөргө арналган ырлар:**

1) Алкоо, алкыш, бата (жаңы төрөлгөн наристеге багышталган).

2) Бешик ыры.

3) Эркелетүү, сооротуу, оюн ырлары.

4) Балдардын жаман жоруктарын жоюу максатында айтылган чымчыкейлер.

**б) Тестиер балдардын ырлары:**

1) Санак ырлары.

2) Акыйнек айтышуу.

3) Жаныбарларга, жаратылыш кубулуштарына, жыл мезгилдерине карата чыгарылган жана балдардын тилегин, учкул кыялын чагылдырган ырлар.

4) Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги балдар ырлары.

5) Боз уландардын ашыктык ырлары.

**Экинчи топко:**

а) Жомоктор

б) Макал–лакаптар

в) Калптар

г) Эпикалык чыгармалар (балдарга ылайык эпизоддор)

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

**Үчүнчү топко кирген балдар оюндары экиге бөлүнөт:**

1) Сөз менен коштолуучу оюндар.

2) Кыймыл менен коштолуп ойнолуучу оюндар.

1) Сөз менен коштолуучу оюндарга:

а) Табышмак

б) Жаңылмач

2) Кыймыл менен коштолуп ойнолуучу оюндарга балдардын дене тарбиясын чыңдоочу оюндар кирет.

Ушул классификация боюнча балдар фольклорунун өздүк репертуарындагы жанрлардын өз ара байланышы, тарыхый өсүш динамикасы, сюжеттик–тематикалык өзгөчөлүгү, балдар чыгармаларынын поэтикалык көркөмдүк өзгөчөлүгү изилдөөгө алынды.

Илимий макалага "Жаш балдарга арналган поэтикалык чыгармалар" деген биринчи топко киргизилген материалдар берилди.

## I. ЖАШ БАЛДАРГА АРНАЛГАН ПОЭТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАР

1.Балдар ырлары:

а) Майда жаштагы балдарга арналган ырлар.

Элдин салты–адам менен жаратылыштын ортосундагы байланыштын куралы. Фольклорду элдин салтынан, үрп–адатынан, тарыхынан бөлүп кароо мүмкүн эмес. Балдар фольклорун, айрыкча, балдар ырларын изилдегенде элдик салтты ар тараптан анализдебей туруп, көркөм текстин ошол салтта алган орду, ролу, мааниси, түзүлүшү, символу, образдуулугу сыяктуу поэтикалык өзгөчөлүктөрүн түшүнүү кыйын. Ошол эле учурда фольклордук чыгармалар каада–салтты толуктоочу ролдорду аткарып кээ бир жагдайларын баамдоого өбөлгө түзөт. Сөз менен аткарылып жаткан кыймылдын б.а. ритуалдын ажырагыс байланышы фольклордук жанрлардын көп кырдуулугун, масштабдуулугун аныктайт.

Элдик салт бала эненин ичинде пайда болгондон баштап өз кызматын аткара баштайт. Биринчиден, аял эне болуу бактысына ээ болот. "Туубас", "какбаш" деген трагедиялык суук сөздөрдөн турмуштун оор жүгүнөн кутулат. "Кош бойлуу", "жүктүү", "оор бойлуу" деген сөздөрдүн магиялык күчү–боюнда бар аялды ыйык, аялуу, назик көрсөтүп, аны (аялды) ар түрдүү кокустуктардан сактоону, эсен–аман көз жаруусун талап кылгансыйт.

Экинчиден, төрөлө турган бала ата–эненин кеңири масштабда алганда бүтүндөй бир уруунун, адамзаттын тукумун улантуучу, тирүүлүктүн белгиси катары кабыл алынат. Ага арналып эң асыл ой–тилектер айтылат. Мына ошентип ар бир жанрдагы көркөм чыгарманын жаралуу тарыхы, генетикасы, элдин салтынан алган орду, кайсы бир нерсеге багытталышы, аткарган кызматы пайда болот. Алкоо,

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

каалоо, алкыш, бата ар бир элдин жашоо мүнөзүнө, тарыхый шартына, каада—салтына, диний ишенимине жараша айтылган. Алкоо, алкыш, бата, бешик ырларынан элдин эмнеге ишенип, эмнени туу тутарын, архаикалык башатын байкоого болот. Анткени фольклордук чыгар—малар өзүнүн тереңге кеткен тарыхында элдин эсинен чыгып, же колдонулбай калган салттын көрүнүштөрдү, тарыхый окуяларды, диний көз караштарды чагылдырып турат.

Ааламда кайсы гана эл болбосун төрөлгөн ымыркайга кубанбай, ага дүйнөдөгү бардык жакшы нерселерди арнабай, жакшы тилек, каалоо—лорун айтпай койбойт. Жаңыдан жаралган нерсе үчүн кубануу жараты—лыштын диалектикасы. Кыргыз эли да илгертен эле бала төрөлүп, анын андан ары өсүп жетилип, тукум улашына чоң маани берген.

Ымыркай жаңыдан дүйнөгө келгенде бата берип, алкап жакшылып тилеп:

Өмүрүң узун болсун,
Ден соолугуң чың болсун!
Өрүшүң толгон малдуу бол,
Кампаң толгон дандуу бол.
Короо толо малдуу бол,
Үйүң толо балалуу бол.
Жайытың толгон мал болсун,
Үйүң толгон уул, кыз болсун,—дейт.

Баланы "ден соолуктуу", "өмүрлүү", "малдуу", "дандуу", "балалуу" бол деп алкоо анын жашоосу үчүн эң керектүү атрибуттардын бар болушун тилөө.

Билектүүдөн күчтүү бол,
Жалтырактан түстүү бол.
Аталуудан улуу бол,
Акылдуудан кундуу бол.
Энелүүдөн эрке бол,
Эл алдында серке бол.
Кызыл тилден таңдайлуу бол,
Ырыскыдан маңдайлуу бол,

—деп "күчтүү", "түстүү", "улуу", "кундуу", "серке", "тилдүү", "ырыстуу" болушуна каалоо айтуу менен жалаң "жакшылык" деген философиялык категориянын жүгүн көтөрүп турат.

Бак карасын
Кыдыр дарысын
Кудай бак берсин, ырыс берсин.
***
Жүз жыл жашап,
Алтын аяктан суу ич.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Айтымдар жанрынын алкыш, бата, алкоо, каалоо сыяктуу түрлөрү абдан кеңири өнүгүп, вариантташып, күчтүү эмоциялык мүнөзгө ээ болгон. Алкыш сөздөр поэтикалык эволюциянын узун жолун басып өтүп, туруктуу поэтикалык түзүлүштү, образдуулукту өз боюна сиңирген.

Көркөм сөз каражаттары эпитет (жүз жаш, алтын аяк, серке), салыштыруу (билектүүдөн күчтүү, жалтыректан түстүү, энелүүдөн эрке, акылдуудан кундуу), гипербола (жүз жыл жашап, алтын аяктан суу ич) сыяктуу топтор кеңири орун алып, айтылган сөздөрдү күчтүү, кундуу, терең мазмундуу, эмоционалдуу кылып, эстетикалык баам—туюмун, көркөмдүгүн арттырат.

Алкыш, бата, алкоо, каалоолордун тилдик түзүлүшү башка жанрлардан өзгөчөлөнүп, дайыма келер чакка, келечекке багытталып, буйрук этиш менен айтылат. “Бол”, “болсун”, “келсин”, “жаша”, “берсин”, “толсун”, “ич”, “дарысын” сыяктуу буйрук этиштер сүйлөмдө баяндоочтун милдетин аткарып турат. Бул жанрдын аталышы айтып тургандай дайыма жакшылыкты тилөө, үндөө идеясын баса белгилөө керек. Ымыркайга алкыш айтып, бата берип, эң жакшы тилектер менен азан чакырып, ат коюу аземин өткөрүшөт.

Балага ат коюу салттык ритуалды талап кылган. Эпикалык чыгармаларда өзгөчө төрөлгөн баланын, баатырдын атын кайыптан белгисиз бирөө аксакалдуу карыя, Кыдыд алейки салам кейпинде келип коюп кеткен учурлар көп айтылат. Кыргыздар ат коюуга зор маани берип, анын семантикалык маанисине көңүл бурган. Ар бир коюлган аттын кичинекей тарыхы бар. Зарылып күткөн бала болсо көз тийбесин, жаман көздөн, суук сөздөн сактасын деп Бокмурун, Кудайберди, Жаманкара, Тезекбай, Жапек, Сапек, баласы токтобой жүрсө Токтомат, Турду, Турганбүбү, жалаң кыз төрөлө берсе, Бурул, Бурмачач, Кайырма, же эң эле асыл ой—тилектер менен Өмүрбек, Баатырбек, Жакшылык сыяктуу аттарды коюшкан. Балага коюлган ат ар тараптан туура келиш керек деген ой менен маселен Манас деген атты бала көтөрө албайт деп коюшкан эмес.

Мындан кийин бешикке салуу салтын аткарышат. Бешикке салуу салты түрк элдеринде салтанаттуу азем катары өткөрүлөт. Баланы бешикке салуу салтынын туруктуу салттык формасы бар.

Менин колум эмес,
Умай эненин колу
Ислам дининин элге сиңиши аркылуу
Менин колум эмес,
Батма Зууранын колу,

—деп атайы дайындалган аял баланы бешикке салат. Умай эне балдарды сактоочу, колдоочу катары түрк элдеринин фольклорунан орун алган. Баланы бешикке туш келген аял эле бөлөй бербейт. Наристени алгач бешикке бөлөгөн аял көп жашаган, көп балалуу, ден соолугу чың, ар тараптан элдин кадыр—баркына ээ болгон байбиче болушу абзел. Бешик баланын кургак, жылуу жатышына ыңгайлуу буюм.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Бешик ырлары бала бешикке жаткандан баштап өз кызматына өтөт. Бешик ырлары адам жаралгандан бери ырдалып келе жаткан көөнө жанр. Дайыма өзү жаралган доорго мүнөздөмө берет. Бешик ырлары баланын психологиясына, ден соолугуна, нравалык жактан тарбиялоого оң таасири бар. Алар аркылуу тынч уктоого, ден соолукта болуп, тез чоңоюуга, башкаларды уга билүүгө, баш ийүүгө, келечектеги жашоосуна кеңеш алууга, өткөн, учур, келер чак жөнүндө кабар алууга шарт түзүлөт.

Алдей, алдей ак бөбөк,
Ак бешикке жат бөбөк.
Кунан койду сой бөбөк,
Куйругуна той бөбөк.
Алдей, алдей бөбөгүм.
Алдей, алдей бөбөгүм,
Айланайын ай сарым
Туурдуктан сапсарым,
Түлкү ичиктин сүлөөсү
Сулуу кыздын күйөөсү
Алдей, алдей, алдей.

Бешик ырлары баланын жаш өзгөчөлүгүнө карата түзүлгөн балдар фольклорунун алгачкы формасы болуп эсептелет. Бул жөнөкөй гана түзүлгөн ырларда эненин балага болгон мээрими, сүйүүсү, ой—тилеги камтылып, музыкалуу ыргак менен сөздөрдү гармониялуу айкалышып баланын угуусун көнүктүрүп, бейпилдикке бөлөп, мемиретип уктоого шарт түзөт. Белгилүү өлчөмдө баланын музыкага болгон кабыл алуусун ойготуп, көркөм табитин өстүрөт. Бешик ырларындагы ар бир куплет же эки сап ырдан кийин "алдей, алдей, алдей бөбөгүм" деп кайталанган ритмикалык саптар анын поэтикалык таасирин, эмоциялык маанайын күчөтөт.

Бешик ырлары элдин коллективдүү чыгармачылыгынан жаралып, жеке адам тарабынан аткарылып терең философиялык маанини камтып турат. Ата—эненин, наристенин келечеги тууралуу үмүт—тилеги, асыл—ойлору бешик ырында чагылдырылат.

Алдей, алдей кулунум,
Энең сени төрөгөн,
Эмгекчил уул болот деп
Ак бешикке бөлөгөн.
Алдей, алдей бөбөгүм,
Колунан көөрү төгүлгөн,
Уста болгон бөбөгүм. (**Изилдөөчүнүн өзү жыйнаган материалдарынан**)

Бешик ыры аркылуу ата—эненин жашоо шартын, дүйнөгө болгон көз карашын, үмүт, кыялын түшүнүүгө болот. Бешик ырларынын социалдык, таптык мүнөзү бар.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Алдей, алдей кулунум,
Ай заманда туулдуң.
Шекер кошкон буламык,
Сары майга жуурдум. (**Жусупов, 1997: 416**)

***

Алдей, алдей кулунум
Тору тайды атаңа
Бактырайын кулунум,
Алтындан така алдырып,
Кактырайын кулунум
Хан кызына жуучуга
Шаштырайын кулунум. (**Изилдөөчүнүн өзү жыйнаган материалдарынан**)

—деген саптардан ата—эненин турмуш шарты тың экени түшүндүрүлсө,

Ыйлаба балам, ыйлаба
Ата—энеңди кыйнаба.
Эл жайлоодон түшө элек,
Арпа, буудай быша элек.

***

Какылдабай уктачы,
Уйкум келип чарчадым.
Буламык жасап берерге
Болсочу чымчым талканым.

—деген саптардан өмүр бою жетер—жетпес оокат менен күн көргөн ата—эненин абалы көз алдыга тартылат.

Эл арасында бешик ырларынын жогоркудай алгачкы формалары сакталып, ошону менен катар мезгилге, аң—сезимдин өсүшүнө жараша ырлардын мазмуну өзгөрүлүп, улам жаңыланган түрлөрү пайда болгон.

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм,
Илимдин кенин издеген
Илимпоз болгун бөбөгүм.
Ырдын кенин ыргаган
Ырдаса эли жыргаган
Ырчы болгун бөбөгүм.
Адамга тийип пайдасы,
Табып болгун бөбөгүм.

Элге керектүү, жаңы шартта пайдасы тийген ар түрдүү кесиптин ээси болорун тилеп, бешик ырын ырдайт. Мындан сырткары уул баланы терметкенде, кыз баланы терметкенде ырдалуучу бешик ырлары да кийинки мезгилдерде пайда болгону байкалат.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм.
Бабаң айкөл Манастай,
Баатыр болгун, эр болгун.
Кабылан болгун, шер болгун!
Же:
Ата салтын уланткан,
Ардактап элин кубанткан,
Семетей, Сейтек бабандай
Кызыл жалын чок болгун
Атылып турган ок болгун.
Кыздарга:
Алдей, алдей бөбөгүм,
Алдей, алдей бөбөгүм.
Каныкейдей уз болгун,
Калкың сүйгөн кыз болгун.
Энең сенин уз болгон,
Элиң сүйгөн кыз болгун.

Бешик ырларынын мазмуну өтө бай. Алар өмүр бою боз үйдө күн кечирген примитивдүү, жөнөкөй кыргыз турмушунан баштап кийинки илим–билим өсүп–өнүккөн цивилизациялуу жашоону, прогрессивдүү көз караштарды өз ичине камтып турат. Эл арасында бешик ырлары–нын алгачкы архаикалык формалары жана жаңыланган формалары да кезигет. Эне перзентине арнаган бешик ырын айтуу менен өзүнөн кийин кызына, жаш энелерге да тарбия берип, бул нукура салтты улантууну купуя талап кылат. Кыз–бала куурчак ойногондон баштап энелик милдетке даярдык көрүп, бөбөгүн терметип, бешик ырын ырдап, элдик салтты, педагогиканы үйрөнө баштайт. Бул процесс турмуш ыргагынан бөлүнбөй эле, кошо жуурулушуп өз милдетин өтөй берет.

Адам жашоосу айлампа сыяктуу: Бала төрөлөт. Төрөлгөн күндөн баштап ага дүйнөдөгү эң асыл ойлор, каалоо–тилектер, алкыш сөздөр багытталат. Анын жан дүйнөсү таза, тарбиясы оң, эмгекти, эл–жерин, адамзат тукумун сүйгөн, ата–энесине камкор адам болуп чоңоюшуна кам көрүлөт. Ал да өзүнүн баласына ушул эле процессти кайталайт. Адам акыры өлөт. Жаңы адам төрөлөт. Адам өмүрүндөгү мезгил менен мейкиндиктин мындай айлампа катышы тирүүлүктүн философиясы, жашоо маңызы. Адам менен табияттын өз ара гармониялуу байланышы. Ушул процесс бешик ырларында айкын сүрөттөлгөн.

Бешик ырларынын поэтикалык өзгөчөлүгүн анализдөөдө сүрөттөөнүн көркөм шарттарына (эпитет, параллелизм, салыштыруу, метафора, гипербола), айтылышынын көркөм каражаттарына (рифма, редиф, аллитерация, алсонанс), тилдик түзүлүшүнө көңүл бурулду. Поэтиканын борбордук элементи болуп эсептелет–образда көркөм чыгарманын мазмуну менен формасы жуурулушуп турат. Бешик ырларында образ конкреттүү берилген: эч нерседен кем болбой,

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

бакубат, бардар турмушта жашап, "Кунан койду союп, Куйругуна тоюп" же апасы "сары майга шекер кошуп" жасаган буламыкты жеп, бейкапар турмуш өтөгөн баланын образы, тескерисинче, "арпа буудай быша элек, чымчым талканы жок", жоону катуу көр турмуштун азабынан жарык дүйнөгө наалат айтып отурган бечаранын образы көз алдыңа тартылат.

Салыштыруу эң кеңири кезиккен фольклордук чыгармаларда көркөм каражат болуп эсептелет. Салыштыруу — а) предмет, б) образ, в) белги, г) байланыштыруучу сөз (союз) сыяктуу элементтерден турат.

Маселен,
"Кызыл жалын чок болгун"
"Менин балам кардай,
Сүткө салган балдай".
"Коенектин колундай",
"Кекиликтин бутундай".

Бешик ырларындагы "алдей, алдей, алдей", "алдей, алдей ак бөпөм", "алдей, алдей кулунум", "укта балам, уктай кой" сыяктуу аллитерация (аллитерациянын ассонанс, консонанс жана аралаш деген түрлөрү бар), синоним сыяктуу баяндоонун, сүрөттөөнүн көптөгөн көркөм ыкмалары ырды уккулуктуу, жагымдуу кылып, көркөмдүгүн арттырат.

Бешик ырларынын тили жөнөкөй, бытовой стилң менен берилген. Кайсы шартта, кандай чөйрөдө жаралганына жараша баяндалат. Бешик ырларында диалектикалык өзгөчөлүктөр бар:

Алдей балам не ыйлайт,
Алма жеймин деп ыйлайт.

***

Өөбай балам не ыйлайт,
Өрүк жеймин деп ыйлайт.
Алып келет атакең,
Алма, өрүктүн кызылын. (**Жусупов, 1997: 416–417**)

Түштүк тарапта, кытайлык кыргыздарда айтылган бешик ыр–ларында "өрүк бекен бешигиң", "алма бекен бешигиң", "жийде бекен бешигиң" деп айтылса, түндүк тараптагы кыргыздарда "арчадан сенин бешигиң" деп айтылат.

Эне баласын айга, күнгө, балга, карга теңеп, Манас, Семетей баштаган баатырлардай баатыр болушун тилеп, эң эле жаныбарлардын аты менен атап (бүркүтүм, ак кушум, коенегим, тайым, кулунум) бир сөз менен айтканда дүйнөдөгү кооз, сулуу, жакшы, таза нерселерге теңөө менен жамандыктан сактап, бүткүл мээримин, сүйүүсүн, энелик камкордугун бешик ыры аркылуу берет. Бешик ырынын магиялык күчүнө ишенет.

Эч бир жанрда бешик ырындагыдай балага тиешелүү эркелетүү, жалынуу эпитеттери жок.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Фольклордогу бешик ыры жанры бала төрөлгөндө эле аны менен бирге жашап, дүйнө таануусундагы эң алгачкы көркөм азык болот. Мына ошондуктан фольклор менен катар классикалык акындар жана азыркы балдар акындары да бешик ырларынын стилинде өздөрүнүн көптөгөн салымын кошуп келе жатышат.

Адамдын мүнөзүн эң жакшы билген психолог, тарбия берүүчү педагог бул — эл. Ал баланын таанып билүүсүн андан ары өнүктүрүү үчүн жеңилден ооргo, жөнөкөйдөн татаалга карай окуусун улантып, байытып жүрүп олтурат. Ошентип, бешик ырларынан кийин эркелетүү ырлары, кыймыл менен коштолгон ырлар тиш чыкканда, жаңы бала баса баштаганда ырдала турган салт ырлары ырдалат.

Бала төрөлгөндөн баштап ал жашаган ар бир күнгө, ар бир айга, жылга зор маани берип, эркелетип, сылап, колу—бутуна массаж жасап баланын ден соолугу чың болуп чоңоюшуна шарт түзүлөт. Боюн токтотуп калган мезгилде колтугунан кармап:

Оң бут, оң бут,  
Сол бут, сол бут,

—деп улам бир бутуна тургузуп, "атасынын баласы", "энесинин баласы", "кулунум", "ак бөпөм" деп эркелетет. Каз—каз тура баштаганда:

Кана балам,  
Секир балам

Оппа, оппа,—деп баланы ишенимдүү кадам шилтөөгө басканга даярдайт. Бул жөнөкөй сөз тизмектерин бала акырындап түшүнө баштайт. үнгө, сөзгө көңүлү бурулат. Сүйлөөгө даярдык башталат. Эркелетүү ырлары көбүнчө баланын колу—бутуна кыймыл (көнүгүү) жасоо менен коштолуп, "Сал, сал билек" ыры ырдалат:

Сал, сал билек,  
Сал билек,  
Сары майга мал билек.  
Коен кушту кош билек  
Курут, майга мал билек.

"Сал билек" ырынын ар түрдүү варианттары ырдалып жүрөт. Кыз—балага багытталган варианты:

Сал, сал, сал билек,  
Сары жорго мал билек.  
Коен кошту кош билек,  
Колу ичке ак билек.  
Кош билерик, ак билек,  
Сал, сал, сал билек.  
Сарыбайдын эрке кыз,  
Алса колду талдырган.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Атасынын алдында,
Эрке санап отурган. (**Жусупов, 1997: 419**)

Эркелетүү, сооротуу ырлары кээде сөз тизмектеринен, жөнөкөй сүйлөмдөрдөн да турат. "Менин балам ыйлабайт", "Чоңойгондо чабандез болот", "Айдай нурдуу кызым бар", "Менин кызым уз болот", "аппагым", "кулунум", "сулуум" сыяктуу сөздөр менен эркелетип, баланы алаксытып ойнотот. Эркелетүү ырлары бала кичине чоңоюп, сөзгө көнүл буруп, маанисин аңдап калган мезгилде колдонула баштайт.

Бала басууга аракеттенип, алгач кадам шилтегенде тушоо кесүү аземи өткөрүлөт. "Тушоо кесүү" салты жөнүндө изилдөөчүлөр, көркөм өнөр таануучулар тарабынан этнографиялык мүнөздө изилдөөлөр жарыяланып жүрөт. Бала алгач басканга үйрөнө баштаганда ата–эне менен баланын бул жаңылыкка карата болгон кубанычы чексиз болуп:

Тай, тай, тай балам,
Жыгылбастан тур балам,
Тай, тай, тай балам
Таятаңа бар балам.
Тору атын мин балам,
Тай, тай, тай балам,
Чоң атаңа бар балам.
Аргымагын мин балам.
Чочубастан бек туруп,
Чуркап кеткин тай балам

–деп, эне баласынын мындан ары өз алдынча басууга, ойноого жарамдуу болгонун "Тай, тай балам" ырында баяндайт. Балдардын эркелетүү салт ырлары тематикасы, мазмуну боюнча көп түрдүү. Салт ырлары өз ичине кичинекей сюжетти камтып, мини–жомок түрүндө болот. Мисалы, манжалар жөнүндөгү оюн ырында так образдар бар. Ар биринин аты, өзүнө ылайык кызматы бар:

Баш бармак
Бадал тырмак.
Ортон оймок
Оюу чөбөк.
Кичине бөбөк.

***

Баш бармак–башта,
Сөөмөй–көрсөт.
Ортон–мерген
Аты жок–чечен
Чыпалак–бөбөк.

***

Баш бармак сен малга бар,
Бадал тырмак отун ал.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Ортон оймок от жак.
Оюу чөбөк казан ас.
Кичине бөбөк тамак же

—деп, манжаларды ачып—жумуп көнүгүү жасап же ар бирине кызмат тапшырып, чоңдор менен кичинекейлер бирге аткарып балдарды эркелетип, көңүлдүү оюндарды ойлоп табышат. Бул ырлардын мазмуну жөнөкөй, ар бири өзүнчө сюжеттик мазмунга ээ. Чоңдор аркылуу ар бир сап ыр чечмеленип, окуялык эпизод курулуп, балдардын ойлоосун, түшүнүгүн өстүрөт.

Манжалар жөнүндөгү уламалар түрк элдеринин бардыгында айтыларын, алардын дээрлик бардыгынын архаикалык башаты бир экендиги туурасында изилдөөлөрдө (Изилдөөчүнүн өзү жыйнаган материалдарынан) айтылып жүрөт. Кытайлык кыргыздарда да башка түрк элдеринде айтылган "Манжалар кеңеши" деген вариант кезигет:

Бармак:—Ууру кылбайлыбы?
Сөөмөй:—Кылса кылалы.
Ортон:—Кудайдан кантебиз?
Аты жок:—Кудай келгиче.
Чыпалак:—Кууруп—сууруп жутуп ийебиз.

Мында бармак "уурулук кылбайлыбы?" деген кеңешти баштаган үчүн күнөөсү көп болуп, кыска болуп калган экен. Ортон "Кудайдан кантебиз" деп ыйбаа кылгандыгы үчүн күнөөсү жеңил болуп, узун болгон экен. Башка манжалар да өздөрүнүн күнөөсүнө карай, узун, кыска болуп, беш манжа бирдей болбой калган имиш (**Жусупов, 1997: 419–420**).

Бул улама бара—бара балдардын оюнуна айланып, күлкүлүү, кыйыр мүнөз алган. Балдарга арналган ырлар улам бала чоңойгон сайын анын кабыл алуусуна жараша татаалданып отурган. Ошондой эле "Буудай куур, арпа куур" деген оюн бар. Баланын колун жазып, алакандын ортосуна сөөмөй менен тегеретип:

Буудай куур,
Арпа куур,
Таза эле,
Талканы элге,

—деп андан ары ийинге карай улам бир жерди басып, "мында мышык, мында чычкан, чычканга арпа, буудайды уурдатпа, кытыгы, кытыгы",—деп баланын колтугун кытыгылап күлдүрөт.

Эркелетүү, сооротуу, оюн ырлары жанрлары көбүнчө баланын денесине, акыл—эсине тарбия берип, түрдүү көнүгүү жасоо менен коштолуп, баланын жаш өзгөчөлүгүнө жараша өзүнө мүнөздүү болгон кызмат аткарат.

Балада өз алдынчалык пайда боло баштап, айлана—чөйрөдөгү, жашоо—турмуштагы жаңы кубулуштарды аңдап, таанып—билүү аракетине өтөт. Чоңдордон уккан ырларды жатка үйрөнүп, түшүнгөнүн

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

өзү чечмелеп, чыгармачылык фантазиясы өнүгө баштайт. Баланын кабыл алуусу өтө күчтүү болот. Бир укканын жаттап алат. Баланын сүт тиши түшкөндө:

Сүт тишимди ал,
Азуу тишиң мага бер.
Жаман тишим сен ал,
Жакшы тишиң мага бер,—деп, нанга ороп итке берет.

Иттин тишиндей бек, катуу тиш чыксын деген ишеним, салттык ырдын коштоосунда улуулардын айтуусу менен аткарылат.

Фольклордо өзүнчө жанр катары каралып келген ырымдар, дарымдар өзүнүн тарыхында ар түрдүү диний ишенимдерди (фетишизм, анимизм, тотемизм, шаманизм, ислам) башынан өткөрүп, көп катмарлуу түшүнүккө ээ болгон.

Дарымчы, эмчи, домчулар жаратылыштагы түрдүү кубулуштар, заттар, жан—жаныбарлар адамдын касиеттерине ээ, түздөн—түз байланышта деп эсептешип, дарым ырларынын коштоосунда ооруган, ноокастаган адамды ырымдап, дарымдаган. Айтымдардын текстинде ошол диний ишенимдердин элементтери сакталып, сөздүн магиялык күчүнө, аны менен коштолгон кыймыл—аракеттин сыйкырдуу кызматына элди ишендирип келген.

Ырымдар, дарымдар балдарга карата эмдөө, ырымдоо, учуктоо, апаптоо, киренелөө маанисинде колдонулат. Эң эле жөнөкөй (бала чүчкүргөндө):

“Ак чүч,
айран ич.
Кырга чык,
кымыз ич".

же бала катуу коркуп кетсе, оозуна сөөмөй менен ортон колду салып “апап, апап" деп таңдайын көтөрүү (муну “жүрөгүн көтөрүп кой" деп да айтышат) сыяктуу ритуалдар кеңири колдонулат.

Баланын эч жери оорубай эле, бирок өзүн жаман сезип, эсинен калса “кирене кириптир" деп, колуна нан (кагаз, бычак) алып, киренелейт:

Менин колум эмес,
Умай эненин колу.
Менин колум эмес,
Батма, Зууранын колу.
Чык кирне, чык,
Эски чалдыбарга бар.
Ээн калган үйгө бар,
Менин баламда эмнең бар.
Чык кирне, чык,
Чык кирне, чык.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Эшикте жаткан итке бар,
Карыны чоң байга бар.
Агын суУга бар,
Менин баламда эмнең бар.
Чык кирне, чык
Чык кирне, чык.

Кирнелеп бүткөндө “тү, түˮ деп түкүрүп, анан итке салып берет. Итке бергенде артын карабай үйгө кириш керек. Болбосо кирне артынан ээрчип келет деп коет.

Кирнелегенде айтыла турган ырдын бир топ варианттары бар. “Чык кирне, чыкˮ деген туруктуу формула ар бир үч, төрт саптан кийин кайталанып, кирнеленип жаткан балага да, угуучуга да өзгөчө эмоция берип, анын магиялык күчү сезилип, ишеним пайда кылат.

Ыр түзүлүшү боюнча ритмикалык жактан уйкаш келип, рифма, редивтер (“чык кирне, чыкˮ, “барˮ) жана кандайдыр бир кыймыл, рудименттердин коштоосу менен айтылып, балдар ырларына жакындыгы ачык көрүнөт. Эм—домдор туруктуу поэтикалык формалар менен коштолуп, магиялык кызмат аткарат. Балдар мүнөзү, аткарган функциясы боюнча балдардын табиятына жакын. Ырым—дарымдар архаикалык пластынан жанрдын байыркылыгын байкоого болот. Ырымдар—дарымдар азыркы мезгилде өзүнүн алгачкы кызматын, күчүн, милдетин жоготуп баратат. Анткени алардын пайда болушу, өмүр сүрүшү (бытование) үчүн өбөлгө, шарт (предпосылки) жоголгон. Анын ордуна медицина, психология жаңы илимдер ээледи.

Балдардын чымчыкей (дразнилки) ырлары адатта балдардын терс жоруктарына же башка бир кемчиликтерине байланыштуу келип чыгат. Ыйлаак, ууру, таарынчаак, соргок, бечел, чалай, качаак сыяктуу жаш балдарга мүнөздүү кемчиликтерди балдар дароо эле байкап, бетке айтып салышат. Чымчыкейлердин тарбиялык мааниси чоң. Бала өз кемчилигин түшүнүп, оңолууга аракет кылат. Маселен, уурулук кылса:

Ууру, ууру, ууру,
Уйдун богун жууру.

Таарынчаак балага карата:

Таарынчаак, таарынчаак,
Тайдын жүгүн артынчаак.

Ыйлаак балага карата:

Ыйлаак, ыйлаак,
Иттин богун тырмаак.

Соргок балага карата:

Кардың ачса кака же,
Кабыргалуу бака же.
Тоодон алып суур же
Суурдун богун кууруп же.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Качаак кызга карата:

Кетсең кете бер,
Кетменчиге тие бар.

Чалайга карата:

Чалай, чалай чалдырак
Казанга жапкан калдырак.

Бечелге карата:

Бечел, бечел бечелбай
Эки өтүгүн чече албайт.
Эси кетип энтеңдеп
Эжесине жете албайт,

—деген сыяктуу поэтикалык саптар менен коштолгон чымчыкейлер балага тез таасир этип, кемчилигин түшүнөт. Ал эмес бул уяткарууну угуп турган балдар, кыздар да уят болбоско аракет кылышат.

Мындай жагдайлар баладан чечкиндикти, сөз тапкычтыкты талап кылат. Кээде чымчыкейлер ыр түрүндө эмес, бир эле сүйлөм менен да берилет. Мисалы, "Чөйчөгүн жууп турат", "Баштыгын сыгып турат". Мурду куюла берген баланы "Көк торпогуңду кайтар!" деп да коюшат. Келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай чымчыкейлердин сөздөрү так, курч келип, байкалган кемчиликти түз көрсөтүп бетке айтат, кээде каймана түрүндө айтылат.

Чымчыкейлер сатиралык ырлардын тобуна кирет. Чымчыкейлерди юморлуу поэтикалык миниатюра десе болот. Кичинекей миниатюра өзүнүн тактыгы, образдуулугу, көркөмдүгү, жөнөкөйлүгү, каймана сөздөрдү камтып турган өзгөчөлүгү менен элдик оозеки чыгармачы—лыктын чебердигин, тапкычтыгын, акылмандыгын аныктап турат.

Жаш балдарга арналган поэтикалык чыгармалар деген чоң группадагы майда жаштагы бөбөктөргө арналган ырлар деген бөлүм—дөгү поэтикалык чыгармалар балдардын мүнөзүнүн калыптанышына, ой жүгүртүүсүнүн өсүшүнө жардам берет. Балдарды алкоо, бата берүү, эркелетүү, алаксытуу, ойнотуу, тарбиялоо, үйрөтүү, окутуу сыяктуу максатка багытталган чыгармалар идеялык, көркөмдүк өзгөчөлүгү жогору, поэтикалык жанр болуп эсептелет. Майда жаштагы балдар ырларынын түрлөрү бөбөктөргө багышталып, эненин ыры болуп эсептелет. Анткени бул чыгармаларды энелер жаратып, энелер ырдайт. Балдар ушул куракта көбүнчө эненин жанында болуп, анын ар тараптуу көңүл буруусуна, камкордугуна муктаж болот. Адам баласынын балалыктан тестиер куракка чейинки мезгили өзүнчө бир комплекстүү магиялык, салттык ритуалды өз ичине камтып турат.

Мына ушул ачык, так образдуу түзүлүшү жөнөкөй, көркөмдүгү жогору чыгармаларды төрөлгөндөн баштап угуп, сиңирип, бала өзүнө керектүү поэтикалык жана музыкалык даярдыктан өтөт. Көркөм чыгарма, ритм, рифма жөнүндө алгачкы түшүнүк алып, өз алдынча ой жүгүртүп сөз табууга, аны уйкаштыра билүүгө, поэтикалык саптарды

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

жаратууга үйрөнөт. Айлана–чөйрөгө, турмуш–тиричиликке болгон көз карашы калыптанат. Ушул процесстин бардыгы салт катары чондордун жардамы менен аткарылат.

## Тестиер балдардын ырлары

Тестиер балдардын ырлары тематика жагынан кеңейип, кимдир бирөөгө, кайсы бир нерсеге түздөн–түз багытталып, мазмуну байып, формасы өзгөрүлүп айтканда жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга өтө баштайт. Тестиер балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша жоопкерчилик жүктөлөт. Чондордун жардамы менен фольклордун бардык түрү менен тааныша баштайт.

### 1. Санак ырлары

Элдик оозеки чыгармачылыкта санак (считалка) ырлары өз алдынча жанр катары орун алган. Санак ырлары балдардын эки топко бөлүнүп ойноосун уюштуруучу б.а. кезекти тактоочу, кайсы бир оюнда ким биринчи болоорун аныктоочу формула катары пайдаланылат. Чүчү–кулак кармап оюнду алып баруучу же топтордун (командалардын) башчылары дайындалат. Санак ырдын акыркы сөзү кимге туш келсе, ошол чыгат (оюнду баштайт).

Бир, эки, үч
Учуп чык.

Санак ырлары сандардын иретин үйрөтүп, алардын катышуусу менен түзүлгөн поэтикалык саптарды балдарга сунуш кылат.

Бир дегениң–Бир кудай.
Эки дегениң–Эки адам жол жүрсө–зерикпейт.
Үч дегениң–үлгүлүү топ бузулбайт.
Төрт дегениң–Төрөлүү журт бузулбайт.
Беш дегениң–Белгиленген буюм жоголбойт.
Алты дегениң–Аркандалган ат алыс кетпейт.
Жети дегениң–Жетесиз жаман оңолбойт.
Сегиз дегениң–Серкесиз кой суу ичпейт.
Тогуз дегениң–Тойбогон бай томояктан үмүт кылат (**Инв. № 835**).

Суроо–жооп мүнөзүндөгү санак ырлары даяр тексти жаттап алуу гана эмес, өз алдынча иштөөгө б.а. бирөө суроо берсе, экинчиси ошого ылайыктуу жооп табууга үйрөтөт. Бул санак ырынын көптөгөн варианттары бар.

Жаңылмачтар менен санак ырлары мааниси жана формасы жагынан өз ара тыгыз байланышта. Ошондуктан, кыргыз балдар фольклорунда санак ырлары өз алдынча бөлүнбөй, жаңылмачтар менен синтезделип калган. Азербайжан окумуштуусу Мирзаев Али Сары оглы Азербайжан балдар поэзиясын изилдеп, санак (считалка) ырларынын бир түрү (**Мирзаев, 1992**) болуп эсептелген жаңылмачтар бардык элдердин фольклорунда кезигээрин айтат.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Бир ак чымчык,
Эки ак чымчык.
Үч ак чымчык,
Төрт ак чымчык
Беш кашка кой
Бешөө беш башка кой.
Кырк кыл куйрук,
Кырк кызыл куйрук
Кырк кызыл куйрук ичинде
Ылгый кызыл кыл куйрук.

Жанрлардын бири—бири менен синтезделиши, биринен экинчи—сине өтүү процесси балдар фольклорунда закон—ченемдүү көрүнүш.

Санак ырлары балдардын оюнга болгон эстетикалык суроо талабын канааттандыруучу, толуктоочу көркөм каражат болуп эсептелет. Мындан тышкары эсепти (санакты) үйрөнүүдө, сөз өстүрүүдө мааниси зор.

## 2. Акыйнек айтышуу

Кыргыз совет энциклопедиясында акыйнек жанрына "Акыйнек, акый—кыргыз оозеки поэзиясындагы айтыш жанрынын бир түрү; кордоо, шакаба чегүү, мыскыл мүнөзүндөгү жаш кыздардын айтышы" (**КСЭ, 1976: 142**) деген аныктама берилет. Акыйнектин алгачкы башаты кордоо ыры болгон. Бара—бара бул түр өзүнүн алгачкы кордоо маа—нисин жоготуп, шакаба, мыскыл түргө өтүп, балдардын фольклоруна айланат. Акый ыр түрүндө болуп, көбүнчө кыз, балдардын ортосундагы айтышуу формасына айланган. Баланын өз алдынчалыгы, чыгар—мачылык фантазиясы, эске тутуусу өсө баштайт. өз ара жарышып сөз таап, ыр формасындагы куплеттерди түзүүгө жетишет. Ыр аркылуу мелдешке чыгат б.а. акыйнек күлкүлүү, тамашалуу жагдайды орду менен баяндап, ыр аркылуу бере билүүнү, тактап айтканда бир топ чыгармачылык түйшүктү талап кылат.

Акындардын айтыштарын, саймерден айтышуу сыяктуу мелдеш—терди көрүп, угуп, сөз тапкычтыкты, чечендикти өздөштүрүп, чоңдорду туурап, теңтуштардын институтунда акыйнек айтышуу боюнча өздөрүнүн мектебин түзүшөт.

Менин энем сурасаң,
Сыр аякка бал куйган.
Сенин энең сурасам,
Ит аякка кан куйган.
Менин атам сурасаң,
Арчалыга жайлаган.
Сенин атаң сурасам,
Арпа ташып куураган.

Акыйнек ырларында ата—энесинин турмуш шарты, уруусу, ошол урууга же аймакка мүнөздүү кемчиликтер, балдардын өздөрүнүн керт башына тиешелүү жагдайлар сындалып, кордолуп айтылат.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Чериктердин кыздары,
Чепкен бычкан турбайбы?
Челек–челек жарманы
Кептеп ичет турбайбы?
Ашкабакты коон деп,
Союп жеген аркалык
Аттын богун алма деп,
Алып жеген аркалык.

Жайылган деген айылдын балдары менен Бостон деген уруунун балдары:

Жайылгандык жалайык,
Жарты нанга ылайык.
Жапкан наны бит экен,
Жайылгандык ит экен.
Бостон, бостон, бостон чал,
Бостон чалга кийиз сал.
Кийиз салбай талпак сал,
Тайгылып өлсүн бостон чал.

Бүгүнкү күндө акыйнектер балдар арасында алгачкы курч, орой, кордоп айтылган формасынан тамашалуу, сылыгыраак маанайга өтүп, айтылып жүрөт.

Ак көйнөгүм бар дейсиң,
Эмнеге аны кийбейсиң?
Бешинчи класста окуп,
Таблицаны билбейсиң.
Аркы бетте тегирмен
Берки бетте тегирмен
Ушул турган Эмирлан
Ашкабакты кемирген.
Сени болсо көп кыздар,
Уйкучу кыз деп жүрөт.
Уй сааганда үргүлөп
Сүтүн төгөт деп күлөт.
Сени болсо айылда
Кой келгенде короого
Чачын жууйт деп жүрөт.
Үй оокатка кош көңүл
Жалкоо кыз экен деп көп күлөт.

Акыйнек ырлары, биринчиден, балдардын чыгармачылык мүмкүн–чүлүгүнүн горизонтун кеңейтет, экинчиден, бала жаман, жакшы жоруктарды салыштырып, өзүн–өзү туура жолго салат. Ошондой эле юморду, тамашаны түшүнүүсүн өстүрөт.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

### 3. Жаныбарларга, жаратылыш кубулуштарына, жыл мезгилдерине карата чыгарылган жана балдардын тилегин, учкул кыялын чагылдырган ырлар.

Бала табияттын коозлугун, жаратылыштын ар түрдүү кубулушун таанып—билүү, кабылдоо, баамдоо мүмкүнчүлүгүнө жетишет. Курт—кумурскалардын, жаныбарлардын, канаттуулардын зоопсихологиялык жоруктарына байкоо жүргүзөт. Аларды сактоо, коргоо боюнча иш аракет жумшайт. Бала курчап турган дүйнө менен түздөн—түз аралашып, өз алдынча ой жүгүртүп, өз түшүнүгүнө жараша мүнөздөмө бере баштайт.

Өткүн, өткүн өтүп кет,
Кара тоого көчүп кет.
Душман үйүн талкала.
Биздин үйдү калкала.

“Жаан нөшөрлөп жааганда жаандын суусу чачты өстүрөт”,—деп кыздар чачын жазып, жаандын алдына туруп:

Жаан, жаан жаай бер,
Менин чачым суулай бер,—дешет.
Суур жазында ийинден чыкканда:
Суур жеңе салам айт,
Салам айтсаң туруп айт.

Легенда боюнча суур байдын келини болгон экен. Ошол легендага ишенип балдар чуркап ырдаганда, үнгө карай көнүл буруп, суур эки колун бооруна алып тура калат. Балдар “мына салам айтты” деп кубанып калышат. Адам менен суурдун тектештиги жөнүндөгү мифтер, легендалар түрк, монгол элдеринде (алтай, тува, казак, кыргыз, казан татарларында) жыш кезигет. (**Кебекова, 1982: 44—45; Инв. № 394**).

Асман, ай, күн, жылдыздар туурасындагы космогониялык темадагы ырлар, мифтер, легендалар балдардын сүйгөн чыгармасына айланган.

Үркөр, үркөр топ жылдыз,
Үркүп кайда барасың?
Жоо желимге барамын.
Жоо желимде эмнең бар?
Алтын айдар уулум бар.
Жибек созор кызым бар.
Аштык алып нан кылам,
Жибек алып тон кылам.
Аштык алып уулумдан
Азык—түлүк камдаймын.
Ашка кардым тойгон соң,
Анан айды жандаймын.
Жибек алып кызымдан

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Кийим—кечек камдаймын.

Анан айды жандаймын. (**Кебекова, 1982: 37; Кол жазмалар фондусу Инв. № ___ (1808): 39; 180[a]:5**),—деген.

"Үркөр, үркөр топ жылдыз" ырынын түпкү тарыхы байыркы түрк, монгол урууларына кеңири тараган "үркөр", "Жетиген" жөнүндөгү мифтик чыгармага барып такалат. Бул мифтик чыгарма эл арасында түрдүү вариантта айтылып, бара—бара балдар ырына айланып кеткен көрүнөт. Ырдын ар түрдүү көлөмдө айтылган варианттары бар.

Фольклордук чыгармалар (кайсы гана жанр болбосун) бири—бири менен тыгыз байланышта болот. Бул жанрдагы мотив, сюжет экинчи бир жанрда башкача формада жана башка максатта берилет. Жогоруда келтирилген космогониялык темадагы мифтер, суур жөнүндөгү мифтер буга мисал боло алат. Дагы бир айта кете турган маселе, адамдын же жан—жаныбарлардын, ал эмес жансыз буюмдун бир түрдөн экинчи түргө өтүп кетүү касиети дүйнө элдеринин мифтик чыгармаларында, жомокторунда кеңири кезигет. Мунун башаты байыркы адамдардын примитивдүү аң—сезимине, ой жүгүртүүсүнө, диний ишенимдерине барып такалып, ошонун натыйжасында көркөм чыгармалар пайда болгон.

Канаттууларга арналган "Каак—каак каргалар", "Каркыра", "Турумтай", "Чабалекей", "Улар", "Кулкуну жаман кулаалы" сыяктуу ырлар кыргыз жергесинде кезиккен канаттуу куштарга мүнөздөмө берет. Мисалы, "Каркыра" деген ырында:

Каркыра турна желе тарт,
Желе тартсаң узун тарт.
Жездекеме салам айт,
Жете албасаң кайра тарт,

—деп каркыралардын асманда желе тарткансып тизилип баратканын бир жерден экинчи жерге кабар жеткиргенсип "куу, куулап" үн чыгарып, көк менен калкып учканы образдуу берилет. Ырдын биринчи, экинчи сабынын аягындагы "тарт" деген сөз желени тарт, жипти тарт дегендей буйрук этишти түшүндүрсө, акыркы саптагы "тарт" деген сөз "кайра келе бер", "кайра кел" деген маанини түшүндүрөт. Баланын сөзүн өстүрүү, кругозорун кеңейтүүдөгү ролу зор.

Кыргыз эли илгертен бери мал чарбачылыгын кесип кылып, көчмөн турмушта жашагандыктан балдар ырларынын көпчүлүк бөлүгү үй жаныбарларына карата чыгарылган. Айтылуу, "Торпогум" деген ырдын эле беш—алты варианты бар. Жупуну жашаган кыргыз баласынын жалгыз торпогун "Кыдын, кыдың торпогум, Кыдындаган торпогум" деп эркелеткени, атка саман салганда сагалаганын, андан көрө күнгөй, тескейдин бетегесин оттоп өлбөй чоңоюшун тилеген тилеги көркөм сүрөттөлөт. "Тайлак", "Биздин кой", "Төл", "Жээрде тай", "Улагым", "Кара улак" сыяктуу ырлар да малдын төлдөшү менен төрт түлүктүн көбөйүшү тууралуу кубанычты, айран, кымыз, майдын молдугу, токчулуктун жышааны тууралуу да баяндайт. Ошондой эле тайлак, тай улактардын көңүл жубаткан сулуулугун, кылык—жоругун сүрөттөйт.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Мындан сырткары "Жүгүрүп, жүгүрүп жүн таптым", "Баштыгым", "Кырмычык", "Чүкө", "Тарагым" сыяктуу ар түрдүү мазмундагы балдар ырлары жаралышы жана мазмуну боюнча мурдагы турмушту чагылдырып турат.

Кодура терген баштыгым,
Чыкпай калды аштыгым.
Жакшылап отоп бакпаган,
А дагы менин жаштыгым.
Атам кары, өзүм жаш,
Бөбөктөрүм болот ач.

"Баштыгым" деген бул ырдын сюжетинен примитивдүү карапайым жашоо картинасы көз алдына тартылат. Жаш болгонуна карабай чоң милдет мойнуна жүктөлгөн баланын образы ырдын салмагын арттырып турат. "Кырмычык" деген ыр:

Чоң казандын кырмычык,
Тое жедим тырмышып.
Кичине казан кырмычык,
Кырып жедим тырмышып

жеңил, юмордук мүнөзгө ээ. "Кырмычык", "тырмышып" деген редифтер ырдын интонациялык айтылышын күчөтүп, өзгөчө угумдуу, музыкалуу болушун камсыз кылган.

Тестиер балдардын ырлары көркөмдүгү жогору, динамикалуу, угумдуу келип, ритмдин тактыгы мүнөздүү болот. Баланын психологи—ясына, балалык логикасына жараша сюжет түзүлүп, элдин жашоо образы, салт—санаасы менен тыгыз байланышта турат.

Балдар ырларынын катарынан жыл мезгилдерине же бир белгилүү убакытта аткарыла турган календарлык ырлар да орун алган. Курчап турган жаратылыштын кубулушуна таасир этүү максаты менен жыл мезгилдери жамгыр, чагылган, шамал, кар, асан—үсөн сыяктуу кубулуштарга тирүү нерсе катары түздөн—түз кайрылып, алардан адам баласына жакшылык, пайда алып келүүнү суранат, каалайт, көбүнчө буйрук иретинде талап кылат.

Жаа, жаа жамгырым
Жумшарт жердин бардыгын.
Жер жарылып чөп чыксын,
Желин айрылып сүт чыксын

—деген ыр, жылдын жаз мезгилинде ырдалат. Бул "Дамбыр таш" деген айтым ыры бара—бара кыскарып, өзгөрүлүп, жамгырдын көп жаап, токчулук алып келишин тилеген балдар ырына айланган. Толук тексти: Дамбыр, дамбыр, дамбыр таш,

Дамбыр аткан кызыл таш.
Жамгыр жаады күркүрөп,
Челек, тулга калдыр таш.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Күн күркүрөп, көп жаа,
Жер жарылып чөп чык,
Желин айрылып сүт чык. (**Жусупов, 1996: 511**).

Ырды күн күркүрөгөндө аялдар челек, чөмүчтү койгулап, боз үйдү айланып чуркап ырдаган. Ислам динине чейинки (фетишизм, анимизм, тотемизм, шаманизмге ишенген) байыркы адамдар табигаттын ар бир кубулушунун жан—жаныбарлардын, ал гана эмес тоо—таш, жер—суу, асман телолорунун ээси бар деп түшүнгөн. Аны сөздүн кереметтүү күчү менен багындырууга, жардам алууга, оң, жакшы жолго салууга болот деп ишенишкен.

Календардык ырлар каада—салт ырларынын тобуна кирет. Маселен, орозо айында гана аткарыла турган жарамазан ыры:

Он эки айда бир келген орозо жан
Орозоң кабыл болсун туткан адам

(**Инв. № 462**),—деген туруктуу ыр саптары менен башталып, орозодо айтылчу ыйык салтты колдоп, үмүт кылып эшигиңе жарамазан айтып келдик деп баян кылат.

Ассолому алейкум, жарамазан!
Он эки айда бир келчү Орозожан!
Оболкунун салты экен, салам айтам,
Орозоң кабыл болсун үйдөгү жан.

Жарамазан түзүлүшү боюнча баштоо, учурашуу (ассолому алейкум жаткан байлар, алтын менен күмүшкө баткан байлар), мактоо, суроо (Бай агам айтат короодон кой берем деп, Жеңем айтат бокчодон тон берем деп), жакшы тилек тилөө (жарамазан айтып келдим эшигиңе, Кудайым бир уул берсин бешигиңе, же Ак кочкордой уул берсин бешигиңе), акырында бата берүү же ыраазычылык билдирүү (Жакканың арча болсун, Жамынганың парча болсун, омиин):

Байтеректей бүрдүү бол!
Байгамбардай сүрдүү бол!
Үйүң балага толсун

сыяктуу бөлүктөрдөн турат. Жарамазан ыры туруктуу, даяр ыр түрмөктөрүнөн түзүлөт. Кээде айтуучулар конкреттүү адамга карата кошуп да айта берет. Мурда комузчу, ырчы, төкмө, жамакчы акындар жарамазан айткандарды коштоп, ар бир үй ээсине жекече ыр арнап, айылма—айыл, үймө—үй жүрүп айтышчу.

Жарамазан жалаң эле мактап бир нерсе алууну көздөбөй, үй ээсинин тарыган пейилин, кемчилигин бетине айтып, замандын көйгөйүн, жашоонун өксүктүгү, барчылык, жокчулук, жакшылык, жамандык сыяктуу ар тараптуу тематика камтылат. үй ээси колунда барын берет. Жарамазан айтуучуларды куру кол кетирүү уят иш болгон. Жарамазан айтуу элдик салт.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Жарамазан кыргыздар жашаган бардык аймактарда айтылып, жергиликтүү элдин салттык, тилдик өзгөчөлүгүнө жараша айырма–ланып, өзүнчө ыргакка, обонго салынып айтылат.

Жарамазанды көбүнчө балдар айтып жүрөт. Алар даяр тексти жаттап, айтышат. Муну чоңдордун фольклорунун балдар тарабынан ассимиляцияланышы катары кароого болот.

Ай жаңырганда айтылчу
Ай көрдүм, аман көрдүм.
Асман ачык, жер жарык болсун

–деген календарлык ыры бар. Илгерки электр жарыгы жок мезгилде түндө айдын чыгышы, айрыкча толгон айдын жердин бетин жаркыратып турмушунун жашоодо мааниси чоң болгон. Карата да өзүнчө түшүнүгү бар.

Календарлык ырларда туруктуу поэтикалык формулалар сакталган. Ар бир сап так мааниге, көркөмдүк өзгөчөлүккө ээ.

Октябрь төңкөрүшүнөн кийин советтик түзүлүштүн мезгилинде элдин жашоо образынын өзгөрүшү менен балдар ырларынын тематикасы, мазмуну жаңыра баштаган. Мектептен билим алып, илимдин, техниканын өсүшүнөн кабардар боло баштаган балдардын тилегин, учкул кыялын чагылдырган жаңы пафостогу ырлар пайда болгон. "Балдар ыры", "Жаш тилек", "Учкуч болом", "Жаңы заман" ж.б. көптөгөн ырларда мектептен билим алып илимдүү, билимдүү, спорттун түрлөрү менен машыгып–күчтүү, эрктүү, чыдамкай, техниканын түрүн үйрөнүп уста, шофер, летчик, космонавт, дүйнөнүн сырын үйрөнгөн–окумуштуу болгусу келген баланын жаңыча жашоого умтулуусу, прогрессивдүү ой жүгүртүүсү баяндалат.

### 4. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги балдар ырлары

Коомдун өнүгүшүнө, адам баласынын жашоо шартындагы прогресске карата балдар ырларынын башка жаңы тематикалары пайда болуп, түрдүү коомдук, социалдык, саясий өзгөрүштөргө, тарыхый окуяларга карата жаралган ырлар арбын кезигет.

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги ырлар кеңири тармак жайып, Кыргызстандын бардык аймагынан жазылып алынган. Бул ырлар кат формасында согуштагы атасына, агасына, жалпы согушка кеткен жоокерлерге, же согуш майданынан баласына, кызына, инисине, карындашына багышталып кат формасында жазылган үндөө, чакырык стилиндеги ырлар.

Согуш мезгилиндеги балдар ырларынын мазмуну согушка жөнөтүү, ажырашуу, сагынуу, күтүү жана тылдагы оор турмушту, фронт үчүн жасаган иш–аракеттерди баяндоо:

Аттанып чыкты элинен,
Атактуу Чаткал жеринен.
Ажырап ыйлап бөлүндү,
Аганы жубай теңинен.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

("Кырк биринчи жылында").
Сагызган конот камышка,
Агайым кетти алыска.
Айламды таппай жүрөмүн,
Артыңан бирге барышка.
("Аскердеги агайыма")
Мен кеткен соң үйдөгү,
Терегимсиң Архимед.
Согушту бүтүп барамын
Сагынба, уулум сабыр эт.
(**"Уулума кат"**)

жана бул апаатка мөгдүрөп калбай, өлүмгө тике карап, кайраттуулук менен каракчыдай басып кирген жексур душманды жеңип келүүгө үндөө.

Кан ичер менен кармашып,
Кадырың артсын ылайым.

***

Гитлерди кармап байлагын,
Кете албас кылып чидерлеп.
Фронтко көрсөт күчүңдү,
Бир кадам артка жылбагын.
**("Аскердеги агайыма", "Фронттогу агаларга"**).

Акырында согуштан аман–соо, жеңиш менен келүүнү талап кылат.

Эмгек төлү жерибиз,
Эсен–соо жалпы элиңиз.
Эстелик болсун элиңе,
Орден алып келиңиз.
(**"Агайыма"**)
Согуш бүткөн күндөрдө,
Толкубай жүрөк турабы.
Ааламга бүтүн таралды,
Советтик жеңиш урааны.
(**"Баатырларга ырахмат"**)

Согуш мезгилиндеги балдар ырларында фольклордук реализм өтө күчтүү берилген. "Согуш" деген сөздүн артында канчалык түйшүк, кайгы–муң, өлүм деген терс түшүнүк, трагедия жатаарын бала жүрөгү сезет, түшүнөт. Согушта жеңишке жеткенде гана мунун баары токтолоорун баамдайт. Ошондуктан анын чыгармачылыгы алдыга үндөөгө, чакырыкка гана багытталат. Идеясы–жеңиш.

Мындай патриоттук сезимге сугарылган балдар ырлары согуш темасындагы ырлардын катарын байытып турат.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Согуштан кийинки бактылуу балалык, келечекке болгон таттуу ой—тилек жөнүндөгү ырлар да арбын. Бирок булар фольклорго эмес, жазма адабиятка жакын. Китептин, жазма адабияттын таасири даана байкалат. Балдар элдик ырлары өзүнүн өсүүсүн токтотуп, профессионалдык балдар поэзиясы ар тараптуу өсүп—өнүгө баштайт.

### 5. Боз балдардын ашыктык ырлары

Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында ашыктык ырлары эң кеңири өнүккөн жанр болуп эсептелет. Искусствонун бул түбөлүктүү темасы элдик оозеки чыгармачылыкта, акындар поэзиясында кеңири, көркөм, терең иштелген. Анын ичинде боз балдардын ашыктык ырларынын өзүнчө орду бар.

Оозеки чыгармачылыктын башка жанрлары сыяктуу эле сүйүү ырларында да улуттук белгилер, мотивдердин сакталышы менен бирге жалпы адамзаттык проблемалар болгон өмүр, өлүм, тирүүлүк, жаштык, теңдик, адилеттүүлүк сыяктуу категориялар чагылдырылат. Сүйүү ырларын элдик лириканын калыптанган, өткөндөгү тарыхы бар, бүгүнкү күндө өсүп—өнүгүүсү жана келечекте да өсүүсүн токтотпой турган жанр катары кабылдоо абзел.

Сүйүү ырларынын калыптанышы адамдын махабат сезиминин пайда болушунан баштап, өзүнчө бир мезгилдик этаптарды басып өтүшү менен байланышат. Мисалы, боз балдардын, секелек кыздардын наивный сүйүүсү, жаш жигиттин, бойго жеткен селкинин курч, эч нерседен жалтанбаган сүйүүсү, андан ары бой токтотуп, акыл калчап, турмуштук абалы өзгөрүлүп калган мезгилдеги сүйүү сыяктуу эволюциялык өсүшүн көрсөтүүгө болот.

Жигит куракка жетелек мезгилдеги сүйүү сезими ар бир баланын (кыздын) башына келээри биологиялык жактан (медицина илиминде да) жана адамзат жашоосунда белгилүү көрүнүштөрдөн. Бой жеткен жигиттердин артынан ээрчип, аларга "почточу" болуп, сүйүү жөнүндөгү сөздөрүн, ырларын угуп, боз балдар да кандайдыр бир деңгээлде даярдыктан өтүшөт. Бул жагдай кыз, балдарга дагы мүнөздүү. Ушул курактагы сүйүү ырлары да бир топ кеңири таралган.

"О" деген тамга тегерек,
Окуудан башка не керек.
"О" тамга сени эстесем,
Опколжуп жүрөк титирейт.
(баланын ыры)
Биздин коргон чоң коргон,
Төрт бурчуна гүл койгон.
Сүйгөнүмдү сурасаң,
"Полбокс" кылып чач койгон.
(кыздын ыры)

Балдардын ашыктык ырларында татаал тематика, социалдык абал, таптык көз караш орун албайт. Жөнөкөй, таза, балалык сүйүү, рухий сүйкүмдүүлүк, назиктик аркылуу улуу сезимге умтулуу баяндалат.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Балдардын ашыктык ырларын жаралуу, аткарылуу жана багытталуу функцияларына карай:

1) балдардын кыздарга арнаган ырлары, 2) кыздардын балдарга арнаган ырлары, 3) жалпы айтылган сүйүү ырлары,—деп кичинекей топторго бөлүп кароого болот.

Балдардын ашыктык ырларынын тематикасы, сюжеттик өзгөчөлүгү, поэтикасы, географиялык чөйрөсү (диалектикалык өзгөчөлүгү), лек—сикасы туурасында кеңири ойлорду, кызыктуу фактыларды айтууга болот. Макаланын көлөмүнө байланыштуу кыскартууга туура келди.

Жыйынтыктап айтканда, жаш балдарга арналган поэтикалык чыгармаларды эки чоң топко бөлүп, балдардын жаш өзгөчөлүгүнө карай бөлүштүрүп, карадык. Балдар ырларынын жанрдык өзгөчөлүгүнө көңүл буруп, анын түрлөрүн, тематикасын талдап, өз алдынча жанр катары эволюциялык өсүшү анализденди.

Балдар ырларынын сюжеттик тематикалык башаты каада—салт, эмгек, айтыш, кордоо, сүйүү ырларынан алынып, балдар тарабынан дифференцияланып, "кыргыз элдик балдар ырлары" деген жанрдын жүгүн көтөрүүгө жетишкен.

Балдардын ырлары бешик ырларынан баштап, турмуш—тири—чиликке, айлана—чөйрөгө, жаратылыш кубулуштарына, өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсүнө, ал гана эмес коомдогу тарыхый окуяларга аралаштырып, жаңы адамдын жашоодогу ордун, милдетин түшүнүүсүнө түрткү берет. Бара—бара баланын эстетикалык суроо талабын канааттандыруучу поэтикалык каражат болуп калат.

## АДАБИЯТТАР

**Изилдөөчүнүн өзү жыйнаган материалдарынан**. Инв. № 835.

**Кол жазмалар фондусу** Инв. № _____ (1808) 39—бет; № 180[а] 5—б.

**Кыргыздар** IV том/Түзгөн К. ЖУСУПОВ Бишкек, "Шам", 1997.

**Кыргыз совет энциклопедиясы**.—Ф.: 1976, 142—бет.

МИРЗАЕВ Али Сары оглы. **Проблемы Азербайджанской детской поэзии**. Автореферат на соиск. Уч. ст. доктора фил. наук. Баку, 1992 г.

ПОТАНЫН Г.Н. **Очерки Монголии**. Вып. IV 1881 г. Караңыз: Б.КЕБЕКОВА **Кыргыз–казак фольклордук байланышы**.

СУЛАЙМАНОВ М. **Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы**. Ош, 1992.

ТҮЛӨГАБЫЛОВ М. **Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы**. Б: "Мектеп", 1991.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com